КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

«16» 07 2025-ж. Кызыл-Жылдыз айылы

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезектеги сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 31**

Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Жийде, Чон-Капка, Ак-Таш, Таш-башат Кызыл-Жылдыз,Кеңеш,Уч-Коргон айылдардынан таштандыларды чыгаруу жөнүндө Уч –Коргон айылдык кенеши талкууга салып

**ТОКТОМ кылат:**

1. Жийде,Чон-Капка, Ак-Таш, Таш-Башат, Кеңеш, Уч-Коргон, Кызыл-Жылдыз айылдарынан таштанды чыгаруу үчүн ар бир түтүндөн 100(жуз) сом өлчөмүндө тарифи бекитилсин.
2. Иш алып баруу жагы Уч-Коргон “Ынтымак” муниципалдык ишканасынын жетекчиси А.Касымовго жүктөлсүн.
3. Бюджет, экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция, жеке ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы М.Айтбековага милдеттендирилсин.

Төрага М. Уметалиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

«16» 07 2025-ж. Кызыл-Жылдыз айылы

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезектеги сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 31 а**

Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн чарба иштерин жүргүзүү боюнча өнүктүрүү фонд аркылуу “Желмаян” алуу жөнүндө Уч –Коргон айылдык кенеши талкуугa салып

ТОКТОМ кылат:

1. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн чарба иштерин жүргүзүү боюнча “Желмаян” алуу үчүн Манас райондук өнүктүрүү фондусуна долбоорго сунушталсын.
2. Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн чарба иштерин жүргүзүү боюнча“Желмаян” алуу үчүн Уч –Коргон айыл өкмөтүнүн өздүк салымы катары жергиликүү бюджеттин 2025 –жылдын эсебинен 60000 (алтымыш мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
3. Долбоорго сунуштоо ага болгон тийиштүү кагаздарды даярдоо Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Барпыбековго милдеттендирилсин.
4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика, жергиликүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция, жеке ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы М.Айтбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Уметалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**«16» 07 2025-ж.** **Кызыл-Жылдыз айылы**

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезектеги сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 32**

**Ички иштер бөлүмүнө жер бөлүп берүү жөнүндө**

Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Кызыл-Жылдыз айылынан милициянын аймактык бөлүмчөсүн курууга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө айылдык кеңештин депутаттары талкуулга салып

**Токтом кылат:**

1. Үч -Коргон айыл аймагына караштуу Кызыл-Жылдыз айылынын О.Төрөгелдиев көчөсүндө системалык 6-03-05-1001-0822 коду менен өткөн муниципалдык менчиктеги 0,10 сотых жерди Манас райондук милициясынын аймактык бөлүмчөсүн курууга жер тилкеси бөлүнүп берилсин.
2.Тийиштүү кагаздарын бүткөрүү жагы Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча башкы адиси Т.Райымбаев милдеттендирилсин

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын агрардык саясат, суу ресурстары жана экология боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Усеновго милдеттендирилсин

**Төрага** **М. Уметалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

«16» 07 2025-ж. Кызыл-Жылдыз айылы

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезектеги сессиясы**

## ТОКТОМ № 29- 33

**"Акча каражатын жылдыруу жөнүндө"**

Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн бюджетинин 6 айлык отчетунун негизинде 70629 бөлүмүнөн 2222 беренесине жарыктандырууга каралып, бирок жарыктандыруу көчөлөрдө ремонт иштери жүрүп жаткандыгына байланыштуу колдонулбай калып, (70111 бөлүмүнүн 3111 беренесине айыл өкмөткө мебель алууга, 70862 бөлүмүнүн 2215 беренесине карылар күнүнө карата) бөлүмдөн бөлүмгө, беренеден беренеге жылдыруу жөнүндө талкууга салып

**Токтом кылат :**

| | |
|---|---|
| 70629 бөлүмүнөн | 2222 беренесинен – 300000 сом |
| 70111 бөлүмүнүн | 3112 беренесине + 100000 сом |
| 70862 бөлүмүнүн | 2215 беренесине + 87600 сом |

Токтомдун көзөмөлдөө жагы Бюджет, экономика , жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция, жеке ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссия төрайымы М.Айтбековага милдеттендирилсин

**Төрага** **М.Уметалиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН**
**УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

**«06» 08 2025-ж.** **Кызыл-Жылдыз айылы**

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын**
**кезексиз –сессиясы**

ЧЕЧИМ № 2

**Кызыл –Жылдыз айылындагы**
**2-3 кабаттуу үйлөр жөнүндө**

Уч Коргон айыл аймагына караштуу Кызыл-Жылдыз айылындагы 2-3 кабаттуу үйлөрдө жашап жаткан үй-бүлөлөр жөнүндө Уч –Коргон айылдык кенеши талкууга салып

ЧЕЧИМ кылат:

1. Кызыл-Жылдыз айыл тургундарынын 2-3 кабаттуу үйлөрдө жашап жаткан жарандардын кайрылуусун эске алып үйлөрүнүн документеринин Мыйзамдуулугун тактоо жөнүндө жардамдашуу жагы Р.Барпыбековго жүктөлсүн

2. Мыйзамдуулук сактоо, укуктук тартип, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо архитектура, курулуш, транспорт, регламент, депутатык этика жана мандат боюнча комиссиясынын төрагасы М.Джумашевге милдеттендирилсин.

3. Чечимдин аткарылышын жана көзөмөлдө жагын өзүмө калтырам

**Төрага** **М. Уметалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**«06» 08 2025-ж.** **Кызыл-Жылдыз айылы**

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын**
**кезексиз –сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 34**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык техникалык базасын чыңдоо максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 17- июлундагы № 238 тескемесин аткаруу, ”Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2025-жылдын 25- июлундагы № 633-т тескемесин аткаруу максатында Үч-Коргон айылдык кенеши талкууга салып

ТОКТОМ кылат:

1. Үч-Коргон айыл өкмөтү “Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу автотранспорт алууга жергиликтүү бюджеттин акча каражаты тартыштыгын байланыштуу лизингди төлөө мүмкүнчүлүгү жок экендигин эске алынсын

2. Республикалык бюджеттин эсебинен Үч-Коргон айыл өкмөтүнө “Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу автотранспорт алууга мыйзамдуу жол жобосу каралсын.

3. Тийиштүү документтерди бүткөрүү жагы Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Барпыбековго милдеттендирилсин.

4. Бюджет, экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция, жеке ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы М.Айтбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Уметалиев**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |

**«06» 08 2025-ж.** **Кызыл-Жылдыз айылы**

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезексиз -сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 35**

## Уч-Коргон айыл аймагында жер, мүлк салыгынын ченин жана зоналдык коэффицентин киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 12-февраль айындагы №37 "Кыргыз Республикасынын салык салуу чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Мыйзамына ылайык Салык кодексине "Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин колдонууга киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизинде Уч-Коргон айылдык кеңеши талкууга салып

**ТОКТОМ кылат:**

1. Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагына 2026-жылдын 1-январь айынан тартып мүлк салыгын киргизилсин.

2. Мүлк салыгын эсептөө Кыргыз Республикасынын салык кодексинин негизинде турак жай үчүн 1,5 чени (ставка) менен жургүзүлсун.

3. Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагындагы жер салыктарын эсептөө үчүн КЗ-зоналдык коэффициенти 1,5 чени (ставка) болуп бекитилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын бюджет,экономика жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик инвестиция, жеке ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы М.Айтбековага милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Уметалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

**«29» 08 2025-ж.** **Кызыл-Жылдыз айылы**

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезексиз сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 36**

Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Чон Капка айылындагы "Айзезим" балдар бакчасы жөнүндө Үч –Коргон айылдык кенеши талкууга салып

**ТОКТОМ кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Чон-Капка айылындагы "Айсезим"балдар бакчасына кошумча балдар ясли тайпасын ачуу жагы каралсын.
2. "Айсезим" балдар бакчасына кошумча ясли тайпасын ачууга тийиштүү документтерин бүткөрүү жагы , балдар бакчасынын жетекчиси Н. Кулчумбаевага жүктөлсүн.

3. Социалдык-маселелер,жаштар,спорт,маданят жана массалык маалымат каражаттары, коомдук уюмдар,жергиликүү коомчулук менен байланыш боюнча туруктуу комиссия төрагасы Кенешбеков Адисбекке милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам

**Төраганын орун басары** **А.Абдувалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

«4» 09 2025-ж.

Кызыл-Жылдыз айылы

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезексиз сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 37**

Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Уч-Коргон айылындагы Бакир Миршакиров атындагы башталгыч мектебин балдар бакчасына ыңгайлаштырылгандыгына байланыштуу Үч –Коргон айылдык кенеши талкуугa салып

**ТОКТОМ кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагына караштуу Уч-Коргон айылында Бакир Миршакиров атындагы балдар бакчасы болуп өзгөрүлтүлсүн.
2. Бакир Миршакиров атындагы балдар бакчасы 3 тайпадан түзүлсүн, ар бир тайпада 25 (жыйырма беш) баладан болуп бекитилсин.
3. Социалдык-маселелер,жаштар,спорт,маданят жана массалык маалымат каражаттары, коомдук уюмдар,жергиликүү коомчулук менен байланыш боюнча туруктуу комиссия төрагасы КенешбековАдисбекке милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдө жагын өзүмө калтырам

**Төраганын орун басары** **А.Абдувалиев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|

**«04» 09 2025-ж.** **Кызыл-Жылдыз айылы**

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезексиз сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 38**

Кыргыз Республикасынын 2024- жылдын 6- декабрындагы №194 “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алынып аткаруу максатында

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2024- жылдын 6- декабрындагы №194 “Тынчтык жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алуу , ушул Мыйзам Үч-Коргон айыл аймагы боюнча калктын тынчтыгын жана эс алуу убактысын камсыз кылуу менен жөнгө салынсын.

2. Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын сакталышын, КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинде каралган жоопкерчиликке алынып келинсин, Калктын тынчтыгын жана бейпилдигин камсыз кылуу 3-березенин 2,3 пункту аткарууга алынсын.

3. Мыйзамдуулук сактоо, укуктук тартип, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо архитектура, курулуш, транспорт, регламент, депутатык этика жана мандат боюнча комиссиясынын төрагасы М.Джумашевге милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдө жагын өзүмө калтырам

**Төраганын орун басары** **А.Абдувалиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛАСТЫ
МАНАС РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
УЧ-КОРГОНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

«04» 09 2025-ж.

Кызыл-Жылдыз айылы

**Үч-Коргон айылдык кенешинин 29- чакырылышынын кезексиз сессиясы**

**ТОКТОМ № 29- 39**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу № 179 "Билим берүү жөнүндө Мыйзамын" жетекчилике алып аткаруу максатында Уч-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Чон-Капка айылындагы "Айсезим" бала бакчасынын ата энелердин жалпы чогулушунун протоколун жетекчилике алып Уч-Коргон айылдык кеңеши талкууга салып .

**ТОКТОМ кылат**

1. Уч-Коргон айыл аймагына караштуу Чоң- Капка айылындагы "Айсезим" балдар бакчасынын ата-энелеринин макулдугу менен ар бир балага 1200 (бир миң эки жүз) сом өлчөмдө тамак ашка төлөм белгиленсин.

2.Бюджет,экономика жергиликтүү өз алдынча башкаруу өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик инвестиция, жеке ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын төрайымы М.Айтбековага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдө жагын өзүмө калтырам

**Төраганын орун басары** **А.Абдувалиев**